**Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши**
**№ 23 ПРОТОКОЛ**

Татенов Марат Бейшенбековичтин юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)» темасындагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо жөнүндө

**26-сентябрь 2024-ж.** **Бишкек ш.**

**Күн тартиби**

1. Татенов Марат Бейшенбековичтин юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)» темасындагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо.

Адистиги: 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук.

Илимий жетекчисиз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Урматтуу кесиптештер, Диссертациялык кеңештин отурумун ачык деп жарыялоону сунуштайм. Кворум бар, Диссертациялык кеңештин 17 мүчөсүнөн отурумга 13 катышууда:

1.Токтобаев Болот Токтомышевич – төрага, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01.

2.Сагыналиева Венера Желденовна – окумуштуу катчы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 12.00.01.

3.Шамурзаев Таалайбек Турсунович – төраганын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.08.

4.Адилов Айбек Насырович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.14.

5.Аманалиев Урмат Олжобекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02, 12.00.14.

6.Джумагулов Айдар Муратович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01, 12.00.02.

7.Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01,12.00.02.

8.Исманов Таалайбек Кадырович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01.

9.Ким Олег Дмитриевич – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

10.Сманалиев Кынатбек Мойнокович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

11.Сулайманова Назгуль Назарбековна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

12.Сыдыкова Лейла Чынтургановна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

13.Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02,12.00.14.

14.Тугольбаева Бермета Галиевна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09,12.00.08.

15.Саякова Мария Касымовна – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.08, 12.00.14.

16.Молдоев Эдилбек Эсенович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01,12.00.14.

17. Муратбекова Салтанат Муратбековна - юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02,12.00.10.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Урматтуу коллегалар, күн тартибинде Татенов Марат Бейшенбековичтин юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)» темасындагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо жөнүндө маселе турат азыр. Анткени Марат Бейшенбекович УАКка кайрылыптыр ушундай шифр менен диссертациясын коргоп алайын деп. Жарым жыл күттү. Жарым жылдан кийин токтом чыкты. Токтомду окубай эле коеюн. Токтомдун ичинде өзгөртүүлөр бар. Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясын бир жолку коргоосун өткөрүү үчүн 12.23.669 диссертациялык кеңешинин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча төмөнкү мүчөлөрүнө чечүүчү добуш укугу берилсин: 1) юридика илимдеринин доктору Джумалиев Данияр Сардарбекович автореферaты боюнча; 2) юридика илимдеринин доктору Токтогулов Алмаз Асылбекович автореферaты боюнча; 3) юридика илимдеринин доктору Аманалиев Урмат Олжобекович автореферaты боюнча; 4) юридика илимдеринин доктору Джумагулов Айдар Муратович эмгектеринин жыйындысы боюнча. Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясын бир жолку коргооосун өткөрүү үчүн диссертациялык кеңештин курамына 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча чечүүчү укугу менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридика институтунун конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын профессору, юридика илимдеринин доктору Муратбекова Салтанат Муратбековна киргизилсин. Салтанат Муратбековна келип отурумга катышып жатат. Мына ушундай токтом чыккан. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык кенешинин Президиумунун 2024-жылдын 12-июлундагы № 5б/к-4/5 протоколу боюнча. Кана урматтуу коллегалар, ким ушундай күн тартибин колдойт. Добуш берип коюнуздар. Бир добуштан кабыл алынды.

Рахмат. Бүгүн кворум бар, отурумга 13 мүчө катышып жатат. Мен атабай эле кетеин. Баарыбыз билебиз, тааныйбыз бир бирибизди. Күн тартиби боюнча сунуштар жок болсо, анда Венера Желденовна сизге сөз берилет диссертанттын аттестациялык иши боюнча.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү сиздерге Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясы боюнча маалыматтарды берип кетеин. Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясынын темасы 2009-жылдын 1-июлунда Ош мамлекеттик юридикалык институтунун Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын №10-протоколунун негизинде бекитилген. Теманын аталышы "Конституционно-правовые проблемы функционирования коллегиальных и единоначальных органов государственой власти и местного самоуправления в Кыргызской Республике" адистиги: 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук. Илимий консультантсыз. 2009-жылдын 25-декабрында тема төмөнкү аталышта: "Коллегиальность и единоначалие в деятельности органов государственной власти и местного самоуправления в Кыргызской Республике (конституционно-правовой аспект)» кайра бекитилген.

Доктордук диссертациянын темасы Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтында темалардын реестрине 2016-жылдын 24-октябрында киргизилген. Реестрде тема турат.

Татенов Марат Бейшенбекович кандидаттык диссертациясын 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча 2008-жылдын 12-июлунда жактап. Илимдин кандидатынын дипломун 2009-жылдын 29-январында алган.

Доктордук диссертациянын темасы боюнча диссертант тарабынан 69 илимий макала жана бир монография жазылып жарыяланган. Элүү макала Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланган. Жыйырма жети макала чет элдик илимий басылмаларда, алардын он жетиси РИНЦ индекстөө системасына кирген журналдарда жарыяланган. Эки макала Скопус индекстөө системасына кирген журналдарда жарыяланган. Он жети макала Кыргыз Республикасынын РИНЦ индекстөө системасына кирген журналдарында жарыяланган. Баллдардын жалпы саны 692.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Скопус барбы экен?

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Эки скопус бар экен.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Эми мындай экен. Атайын алып келди чыгармаларын. Мандайыныздарда. Таанышсаныздар болот. Бир топ эмгектениптир. Бул жигит 692 балл оной эмес. Анан кийин бул тема менен бизге келип атат. Биз дагы өзүбүз тарабыздан карап көрүшүбүз керек. Окумуштуу катчыга суроо болбосо, анда Татенов Марат Бейшенбекович, сизге сөз. Доклад кылууга 15 мүнөт.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Саламатсынарбы, урматуу Диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин доктордук диссертациямдын негизги жоболорун силердин назарыныздарга

тартуулаганы уруксат бериниздер. Менин доктордук диссертациямдын темасы: «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)». 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча жазылган. Белгилүү окумуштуу-конституционалист Чиркин Вениамин Евгеньевич өзүнүн чет өлкөлөрдүн конституциялык укугу деген окуу китебинде өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө (развивающиеся страны) негизинен президенттик республикалар иштейт деп айткан. Ошол эле мезгилде өнүккөн Батыш Европа, Түндүк Америка, жана башка жерлерде жайгашкан өнүккөн өлкөлөрдө парламенттик монархия же парламенттик республикалар иштейт деп айткан. Биз ушул жерде эки корутундуу тыянактарга келсек болот. Өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде жеке мамлекеттик башкаруу, өнүккөн мамлекеттерде коллегиялдык мамлекеттик башкаруу ишке ашырылат. Кыргыз Республикасы дагы президенттик республика болуп, өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге кошулат. Коллегиялдык мамлекеттик башкарууну караганда анын 3 элементине көнүл буруу керек. Биринчи элемент - парламент же атайын коллегия тарабынан мамлекет башчысын же аткаруу бийлигинин башчысын шайлоо, экинчи элемент - сот арачыларынын же элдик соттордун өлкөнүн сот системасында болушу, үчүнчү элемент - жергиликтүү коллегиялдуу өкүлчүлүк орган тарабынан административдик-аймактык бирдиктин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысын шайлоосу. Ушул элементтеринин үчү же экөөсү болсо өлкөдө коллегиялдык мамлекеттик башкаруу болот, эгерде бироо болсо же элементтердин бирөөсү дагы болбосо анда жеке мамлекеттик башкаруу болот. Мисалы, Россия жана Казакстанда бир элементи эле бар: сот системасында арачылардын сотунун болушу. Ошондуктан бул мамлекеттерде жеке мамлекеттик башкаруу ишке ашырылат. Коллегиялдык мамлекеттик башкаруу жүргүзүлгөн өлкөлөрдө жогорку илимий-техникалык потенциал бар. Экономика илиминде илимий-техникалык революция экономиканын өнүгүшүнүн фактору деп айтылат. Экономикасы өнүккөн өлкөдө коомдун жашоосун жакшы шарттары болгондуктан калк мыйзамдуулукту сактайт экен. Дагы өнүккөн өлкөлөрдө инженердик психология байкалат. Өнүккөн өлкөлөрдө эмне үчүн коллегиялдык башкаруу бар десе, мисалы АКШда дүйнөнүн 90% инновациялары жаратылат. Бул өлкөлөрдө машина, механизмдерди адамдар жаратып, колдонгондо аларга машина, механизмдердин тактык, аткаруучулук, программалоочулук сыяктуу сапаттар өтөт экен. Адамдар дагы аткаруучу, так, программалануучу болуп тарбияланып калат экен. Алар техникалык эрежелерди, коомдук регуляторлорду, алардын ичинде мыйзамдарды дагы сыйлап, аткарышат экен. Ошондуктан өнүккөн мамлекеттерде катаал мыйзамдуулук жана укуктук тартип болот экен. Өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде төмөнкү илимий-техникалык потенциал болуп экономика өнүкпөйт экен. Адамдардын укуктары камсыздалынбайт. Мисалы, Кыргызстанда эмгек укуктары камсыздалынбай жуз миндеген биздин жарандар башка мамлекеттерге

жумуш издеп кетип жатышат. Андан тышкары коллегиялдык мамлекеттик башкаруу ишке ашырылган өлкөлөрдө инженердик кадрлар көп болуп, адамдар компетенттүү болуп маселелерди өздөрү чечкени аракет кылышат экен. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү мыйзамда: “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жергиликтүү жааматтар тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүү” деп айтылган. Ошол маселелерди бир гана компетенттүү адамдар гана чече алат экен, мисалы, Батышта, өнүккөн мамлекеттерде. Өнүкпөгөн мамлекеттерде компетенттүү адамдар, инженердик кадрлар жок жергиликтүү маселелерди чечүүдө алар борбордук бийликке кайрылып, борбордук бийликтен көз каранды болушат экен. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу анча өнүкпөйт экен. Бирок кээ бир учурларда жергиликтүү жааматтарда жергиликтүү маанидеги маселелелер чечилип атат, мисалы Аксы районунда бир ишкер жергиликтүү дайрада чакан ГЭС куруп, иштетип атат. Лейлек районунда жергиликтүү ишкер сугат иштери үчүн канал курган. Мындай фактылар аз, бирок ушундай иштер көп жасалса чыныгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүгөт экен. Илимий жүгүртүүгө коллегиялдуулук жана жеке башчылык деген принциптерди (колегиальность и единоначалие) В.И. Ленин киргизген экен. Батышта коллегиялдык мамлекеттик башкаруу жүздөгөн жылдар бою иштеп аларда бул башкаруу жөнүндө кызыкчылык болгон эмес, анткени экономикасы өнүккөн, адамдардын укуктары камсыздалган. Бир гана XIX-кылымда «Представительное правление» деген чыгарманы Милль, Джон Стюарт англис окумуштуу жазган. В.И. Лениндeн кийин, Н.С. Хрущев, советтик окумуштуулар В. Д. Сорокин, Ю. Е. Шмелев, Ю. М. Козлов ж.б. бул тема боюнча жазышкан. Ушул тема боюнча изилдөөлордү жүргүзгөн дагы бир окумуштуулардын тобун айтып кетсек болот. Булар белгилүү чет элдик экономисттер, математиктер болгон: Кондорсе, К. Эрроу В. Парето, Н. Калдор, Дж. Хикс ж.б. Алар парламенттин ичинде же шайлоолордо кандайдыр бир маселелер боюнча добуш берүүдө келип чыгуучу көйгөйлөр боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Мисалы шайлоодо үч А, В, С партиялар болсо, эл В партиясын А партиясына караганда көбүрөк тандашы жана С партиясын В партиясына караганда көбүрөк колдошу мүмкүн. Бирок А менен С партиялардын ортосунда болгон тандоодо эл А партиясын көбүрөк тандап коюшу мүмкүн. Ошондо божомолдонуп жаткан эн аз шайлануучу А партиясы эн көп добуш алган С партиясынан артыгырак болуп калышы мүмкүн. Бул абал парадакс Парето деп аталат. Парето бул Италиялык окумуштуу. Андан тышкары Кондорсе, Кеннет Эрроу - Нобель сыйлыгынын лауреаты ушундай көйгөйлөрдү изилдешкен. Америкалык экономисттер, математиктер тандоо үчүн эки партиялуу система жакшы болот дешкен. Ошондуктан Улуу Британияда жана АКШда эки партиялуу система иштейт. Кеннет Эрроунун “Коллективный выбор и индивидульные ценности” деген китеби чыккан. Жогоруда айтылгандардын негизинде мен төмөндөгү жоболорду коргоого койгом.

1. Мамлекеттик коллегиялдык жана жеке башкаруу органдардын беш белгисин изилдеп чыктым. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз

алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын белгилери аныкталган жана негизделген. Коллегиялдуу органдын белгилери болуп төмөнкүлөр саналат: 1) коллегиялдуу орган 2 же андан көп мүчөдөн турат; 2) ушул белгилердин 4-пунктунда көрсөтүлгөн органдын башчысынын ыйгарым укуктарын кошпогондо, коллегиялдуу органдын бардык мүчөлөрү өз кызмат орундарын бирдей түрдө ээлешет жана бирдей кызматтык укуктарга ээ болушат; 3) коллегиялдуу органдын башчысы бул органдын курамынан анын мүчөлөрү тарабынан шайланат жана алар тарабынан кызмат ордунан четтетилиши мүмкүн; 4) коллегиялдуу органдын жетекчиси жетекчилик кылуучу органдын ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон уюштуруу-башкаруу мүнөзүндөгү анча чоң эмес ыйгарым укуктарга ээ жана ошол органдын мүчөлөрүнө жана ушул коллегиялдуу органдын иши менен байланышпаган башка адамдарга карата жеке тартипте укук колдонуу актыларын кабыл алууга укугу жок; 5) коллегиялдуу орган өзүнүн аймактык бөлүмчөлөрүн түзбөйт. Мына, мисалы, Кыргыз Республикасынын Президенти жеке башкаруу орган, Жогорку Кеңеш – коллегиялдык орган. Жогорку Кеңешке коллегиялдык органдын бардык беш белгиси таандык. Анткени Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турат, анын башчысы депутаттар тарабынан шайланат жана төрагалык кызматтан бошотулушу мүмкүн. Жогорку Кеңештин төрагасы Жогорку Кеңештен тышкары башка органдардын кызматкерлерин кызматтан бошото албайт, аларга чара көрө албайт. Эгерде Жогорку Кеңештин депутаттарынын жоопкерчилиги каралса добушка коюлат. Жогорку Кеңештин төрагасы бул органдын ишин алып баруу үчүн керек болгон эле башкаруу ыйгарым укуктарга ээ. Жогорку Кеңеш административдик-аймактык бирдиктердеги түзүмдөрдү түзбөйт. Кыргыз Республикасынын Президенти коллегиялдык органдын беш белгисинин бирөөсүнө дагы ээ эмес.

Жеке башкаруучу орган бир нече мүчөдөн турушу мүмкүн экендигин кошпогондо, негизинен жогоруда саналып өткөн коллегиялдуу органдын мүнөздөмөлөрүнө карама-каршы көрсөткүчтөр жеке башкаруучу мамлекеттик органдын белгилери болуп саналат. Жогоруда аталган белгилерге ылайык Кыргыз Республикасында Жогорку Кеңеш, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, жергиликтүү кеңештер, облустук жана Жогорку сот, шайлоо комиссиялары коллегиялдуу органдар болуп саналат; президент, Министрлер Кабинетинен тышкары аткаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары, биринчи инстанциядагы соттор, прокуратура органдары, Эсептөө палатасы, Акыйкатчы (Омбудсмен), Улуттук банк жеке башкаруу органдары болуп саналат.

"Коллегиялдык мамлекеттик башкаруу" жана "жеке мамлекеттик башкаруу" сыяктуу терминдер илимий жүгүртүүгө киргизилген.

2. Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү башкаруу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу сыяктуу мыйзамдуулук принцибин ишке ашырууга көмөк көрсөтөт. Калк тарабынан түзүлгөн баштапкы органдар катары коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдар башка

органдарга караганда жоопкерчиликтүү жана жарандардын кызыкчылыктарын ишке ашырууга, укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жана коргоого милдеттүү. Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдардын бул функциясы аткаруу органдарынын үстүнөн контролдук ыйгарым укуктарга ээ болгондо эң жакшы өлчөмдө ишке ашырылат.

3. Коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышкан, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы болуп эсептелет. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин бекитүүгө өбөлгө түзөт.

4. Башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу эки топко бөлүнөт: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: Афина Демократиялык Республикасы, Спартан аристократиялык Республикасы, Рим республикасы, феодализм доорундагы шаар-республикалар, парламенттик монархия, парламенттик республика, Париж коммунасы, советтик республика, элдик демократиялык республика, аралаш республика; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: байыркы Чыгыш монархиясы, Байыркы Рим монархиясы, эрте феодалдык монархия, феодалдык бөлүнүүчүлүк мезгилиндеги монархия, класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, президенттик республика.

5. Төмөнкү мыйзам ченемдүүлүк негизделген: негизинен, мамлекеттик башкарууда коллегиялдуу органдар үстөмдүк кылган өлкөлөр коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүккөн, ал эми башкарууда жеке башкаруу органдары жогору турган мамлекеттер негизинен жогоруда аталган бардык көрсөткүчтөр боюнча артта калган өлкөлөр болуп саналат. Бул туруктуу мыйзам ченемдүүлүк адамзат тарыхында мамлекеттүүлүк пайда болгондон байкалып келет.

6. Коллегиялдуу органдардын мамлекеттик башкаруудагы үстөмдүгү мамлекеттик бийликтин борбордон четтөөсүнө алып келет жана тескерисинче жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгү аны борбордоштурууга өбөлгө түзөт.

7. Саясий режимдин параметрлерин салыштыруу жана коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иш-аракеттери коллегиялдуу органдардын үстөмдүгүндө демократиялык режим байкалат жана тескерисинче, коллегиялдуу органдарына жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгүндө антидемократиялык режим жүзөгө ашырылат.

8. Парламентаризм-бул өлкөдө мамлекеттик өкүлчүлүктүү жана башка коллегиялдуу органдар: парламент, жергиликтүү кеңештер, коллегиялдуу сот жана башка органдар үстөмдүк кылган башкаруу формасы. Бардык мамлекеттик органдардын арасында парламент үстөмдүк кылат. Бир гана

парламенттин болушу парламентаризмдин болушун билдирбейт, анткени биринчиден, мамлекеттик коллегиялдуу органдардын жогоруда аталган абалы жана экинчиси, мыйзам чыгаруу органынын аткаруу бийлигин жана сот бийлигин көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү зарыл. Парламентаризмге тиешелүү илимий-техникалык прогресстен жана экономиканын өнүгүшүнөн кийин жетишүү мүмкүн.

9. Өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө алып келет. Легитимдүү мыйзам чыгаруу бийлиги туруктуулугу менен айырмаланган адилеттүү конституцияны кабыл алат. Ушул Конституциянын негизинде адилеттүү мыйзамдар кабыл алынат. Парламент укуктук мамлекеттин жогорку органы катары бийликти элдин каалоосу боюнча бөлүштүрүүнү жана мыйзамдардын чыныгы үстөмдүгүн камсыз кылат. Коллегиялдык органдардын үстөмдүгү катаал мыйзамдуулукка алып келет. Бардык деңгээлдеги кеңештер элдин өкүлчүлүк органдары катары адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат жана коргойт. Элдик башкаруу катары өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу мамлекеттин жана инсандын өз ара жоопкерчилигин камсыздайт.

10. Азыркы демократиялык мамлекеттин механизми бир эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо механизми болуп саналат, анткени кийинкиси мамлекеттин негизги ички функцияларынын бири болуп саналат. Адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо менен мамлекеттин бардык органдары алектенүүгө тийиш. Укук ченемдеринин маңызы адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин жөнгө салууда жатат. Укук ченемдеринин негизинде жана бул ченемдерди ишке ашыруу үчүн мамлекеттин бардык органдары иштешет. Ошентип, адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо ишине бүтүндөй мамлекет катышат.

11. Биргелешкен жана массалык коррупциянын негизги себептери болуп илимий-техникалык прогресстин жоктугу, өнөр жайдын жана экономиканын өнүкпөгөндүгү, ошондой эле жеке башкаруу органдарынын мамлекеттик механизмдеринин коллегиялдык механизмдерге үстөмдүгү саналат. Мыйзамдуу киреше булактарынын жоктугу же жетишсиздиги коррупциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу органдарында чечимдер ушул органдардын бардык мүчөлөрү тарабынан макулдашуу жана добуш берүү жолу менен кабыл алынат, ал эми жеке башкаруу органдарында чечимдер кабыл алынып жаткан чечимдерди макулдашпаган жана добушка койбогон жеке башчы кызмат адамдары гана кабыл алынат. Чечим кабыл алуу, мисалы, документтерди, материалдык баалуулуктарды берүү, уюштуруу иш-аракеттерин жүргүзүү ж.б. боюнча жана коррупциялык иш-аракеттерди жасоо мүмкүнчүлүгү бар. Ошентип, жеке башкаруу органдары коллегиялдуу органдарга караганда коррупцияга көбүрөөк кабылышат. Коомдогу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү үчүн илимий-техникалык прогресске жетишүү, өнөр жайды жана экономиканы өнүктүрүү, ошондой

эле коллегиялдуу органдар жеке башкарууга үстөмдүк кылгыдай мамлекеттик механизмди реформалоо зарыл.

12. Коллегиялдуу мамлекеттик башкаруу, б.а. коллегиялдуу органдардын ыйгарым укуктарында жеке башкаруу органдарына үстөмдүгү жарандык коомдун эң негизги укугун ишке ашырат – бул жарандардын мамлекеттик бийликке жана сот адилеттигин ишке ашырууга катышуусун ишке ашырат. Жарандык коом көз карандысыз болуп саналат, башкача айтканда, ал реалдуу саясий бийликке ээ жана аны жүзөгө ашырат. Ошентип, мамлекет коомдун көзөмөлүнө алынат. Жогоруда аталган башкаруунун алдында коомдун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий плюрализм үчүн шарттар түзүлөт. Өлкөдө көп партиялуу система, менчиктин ар түрдүү формалары, мамлекеттик жана жеке коомдук жана билим берүү мекемелери ж.б. болот. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталган бардык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырат. Жарандык коомдо бардык жарандар бири-бирине тең жана тең укуктуу мүчөлөрдөн турган коллегиялдуу органдар өлкөдө үстөмдүк кылышат жана бул принципти коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырышат.

13. Элдик суверенитет – мамлекеттик бийликти элдин аткаруу жана сот органдарын түзүүчү жана көзөмөлдөгөн өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдар аркылуу ишке ашыруусу. Эл коомдун жана мамлекеттин иштерин башкарууга иш жүзүндө катышат, ал эми бардык мамлекеттик бийлик структуралары алмаштырылат, көзөмөлдөнөт жана коом алдында отчет берет. Элдик суверенитеттин тушунда эл мамлекеттик бийликтин булагы жана суверенитеттин алып жүрүүчүсү деген жобо чындап ишке ашат. Элдик суверенитеттин мааниси демократия түшүнүгүнө окшош. Элдик суверенитетти ишке ашыруу үчүн коом өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдардан тышкары мамлекеттик бийликти түздөн-түз шайлоолор, референдумдар жана коомдук чогулуштар аркылуу ишке ашыруусу зарыл. Көптөгөн өлкөлөрдө конституцияларда демократизм принциби жарыяланган, бирок чындыгында демократия жана элдик суверенитет ишке ашкан эмес. Элдик суверенитет ишке ашырылышы үчүн мамлекеттин механизми керек, анда коллегиялдуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын үстөмдүгү ишке ашырылып, ага жеке башкаруу органдары баш ийет.

14.Коллегиялдык, жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун жана тиешелүү илимий-техникалык прогресстин жана адам укуктарынын абалынын ортосунда өз ара байланыш бар. Жогорку илимий-техникалык прогресс коллегиялдуу башкаруу аркылуу ишке ашырылып, адам укуктары талаптагыдай камсыз кылынган өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө, өнөр жайы өнүкпөгөн өлкөлөрдө бир тараптуу башкаруу ишке ашырылат жана ага ылайык адам укуктары камсыз кылынбайт. Өлкөдө коллегиялдуу мамлекеттик башкарууну калыптандыруу үчүн, биринчиден, илимий-техникалык прогрессти түзгөн илимий-техникалык жана илимий-өндүрүштүк деңгээлди жогорулатуу, экинчиден, тиешелүү мыйзамдарды өзгөртүү зарыл.

Илимий-техникалык прогресс ийгиликтүү мамлекеттик саясаттын жана мамлекеттик башкаруунун негизи болуп саналат. Мамлекеттик жеке башкаруунун алдында өлкөнү өнүктүрүү мүмкүн, бирок табигый, техникалык илимдерди, техниканы, технологияларды жана тиешелүү түрдө өнөр жайды өнүктүрүү шартында. Ошентип, «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине төмөнкүдөй мазмундагы 12-пункт түрүндө: «табигый жана техникалык илимдерди өнүктүрүүнү колдоо» деген толуктоо киргизүү негиздүү.

15. Чыныгы адам укуктары-бул анын жеке мүмкүнчүлүгү жана башка адамдардын укуктарын камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү. Бул учурда адам укуктары формалдуу, табигый жана техникалык илимдердин көз карашынан каралат. Ушул көз караштан алганда, адамдын материалдык эмес жана материалдык укуктары жөнүндөгү түшүнүктөр негизделген.

16. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1,2 бөлүмүндөгү: конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, укуктук ченемдери уюштуруучу же ченем-принциптер болуп саналат. Кыргызстандын Негизги мыйзамынын калган 3-5-бөлүмдөрүндө: Президент, мыйзам чыгаруу бийлиги, аткаруу бийлиги, сот бийлиги, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби жөнгө салуучу болуп саналат, анткени бул ченемдерде мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктары түздөн-түз көрсөтүлгөн. 1,2 бөлүмдө каралган ченемдерди ишке ашыруу Конституциянын 3-5-бөлүмдөрүндө камтылган ченемдерди ишке ашырууга ылайык болот. Ошентип, уюштуруучу жана жөнгө салуучу ченемдеринин маалыматтарынын арасында жөнгө салуу ченемдери басымдуулук кылат. Мындан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: ар кандай Конституцияда мамлекеттик органдардын укуктук абалын жөнгө салуучу ченемдер башкы болуп эсептелет, анткени коллегиялдуу же жеке башчылык деп эсептелген тигил же бул органга канча жана кандай ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилгендигинен жана алар өз ыйгарым укуктарын кантип ишке ашыргандыгынан мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин жана адамдын жана жарандын укуктук абалын жөнгө салуучу Конституциянын ченемдерин ишке ашыруу көз каранды. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында биз караган жөнгө салуу ченемдери башкы, ал эми уюштуруучу ченемдер жөнгө салуучу ченемдерге көз каранды болуп саналат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Жыйынтыктаныз, Марат Бейшенбекович.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Менин диссертациялык изилдөөмдүн темасы Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы менен байланышкан. Жалпы диссертациямдагы жоболор, тыянактар жана жыйынтыктар адамдын жана жарандын укуктарын камсыздоого, экономиканы өнүктүрүүгө, коомдун

жашоосун жакшыртууга, Кыргызстанда мамлекеттүүлүктү чындоого багытталган.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Рахмат, Марат Бейшенбекович. Кимде кандай суроолор бар?

**Исманов Т.К. ю.и.д., доцент:** Советтик доордо коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптери кандай колдонгон?

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Рахмат суроонузга. Советтик мамлекетте "Вся власть советам", кыргызча "Бардык бийлик кеңештерге" деген лозунг колдонгон. Кеңештер коллегиялдык органдар болгон. Коллегиялдык органдардын мааниси жогору болгон.

**Ким О.Д. ю.и.д., профессор:** В своей работе вы использовали труды Ж.А. Кондорсе, К. Эрроу, В. Парето, Н. Калдора, Дж. Хикса и других. Ссылались на работы экономистов, социологов, математиков. Упомянули А.Я. Лившица. Какие их достижения вы использовали в своей работе? Какие исходные концепции, идеи В. Парето, Ж.А. Кондорсе, Кеннета Эрроу вы сумели развить?

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Спасибо за вопросы. Эти экономисты, социологи и математики решали проблемы, возникающие в процессе принятия решений в парламенте или проблемы при выборах депутатов и политических партий. Эти некоторые проблемы уже в законодательстве Кыргызстана решены. Например, не более 70 % одного пола в коллегиальных органах. Также имеются квоты для представителей других национальностей, ЛОВЗ и молодежи. При решении проблем в обществе я опирался также на научно-технический потенциал, который оказывает влияние и на коллегиальное государственное управление.

**Ким О.Д. ю.и.д., профессор:** Ваша тема коллегиальность и единоначалие в государственном управлении. Необходимо найти гармонию в сочетании этих принципов, предлагали пропорции 60/40, 80/20 и даже правило золотого сечения. В Сингапуре решали проблему соотношения либеральной экономики и государственного вмешательства при помощи правила золотого сечения. В каких пропорциях вы бы решили пропорцию сочетания принципов коллегиальности и единоначалия?

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Согласно органической теории парламент должен быть важнее исполнительной власти и поэтому я полагаю, что их соотношение должно быть в пропорции 60 на 40.

**Адилов А.Н. ю.и.д., профессор:** Работа посвящена конституционно-правовым основам. Шестнадцатое положение - конституционно-правовое, остальные необходимо пересмотреть. Мало новизны. Необходимо выдвинуть концептуальные идеи. Научно-технические работы нужно вести в соответствии с практическими потребностями. Вы говорите о правовом государстве. США – это индустриальная страна, права человека там соблюдаются? Права аборигенов, индейцев. В той же Германии к власти пришли правые. Как там применяется коллегиальность? Дайте анализ ваших наблюдений, исследований.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** На ваше замечание я отвечаю следующим образом: «Научно-технический потенциал выравнивает народы в правах». Индейцы, которые отстали в научно-техническом отношении стали притесняться.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Айдар Муратович, пожалуйста. Название не изменишь, оно утверждено. В главах необходимо указать на конституционно-правовую направленность. Например, в первой главе коллегиальность и единоначалие в деятельности субъектов конституционно-правовых отношений. В работе много говорится о правовом государстве. В Германии в 1935 году ее генеральный прокурор говорил об установлении правового государства, но подавлялись права евреев, цыган.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Я учту ваше замечание.

**Исманов Т.К. ю.и.д., доцент:** Много применено теоретических и философских концепций. Необходимо делать акцент на конституционно-правовую основу. Все органы коллегиальные. В МВД есть коллегия, прокуратура. Счетная палата тоже коллегиальный орган. Что лучше коллегиальность или единоначалие? Каким должен быть Кыргызстан.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Спасибо. Я учту ваше замечание.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Пожалуйста, Назгуль Назарбековна, вам слово.

**Сулайманова Н.Н. ю.и.д., профессор:** Целью в работе является познание политико-правовой природы коллегиальных и единоначальных органов государственной власти и местного самоуправления, способов их взаимодействия и вытекающих из них результатов, а также на основе анализа оптимального взаимодействия данных коллегиальных и единоначальных органов предложение путей решения проблем, возникающих в политической, экономической, социальной и духовной сферах жизни общества.

Познание не может быть целью. Вы обозначили цель как процесс. Нужно изменить цель. Задач 19, положений, выводимых на защиту 16. Задачи надо сократить. Задача - сопоставить механизм зарубежных государств и Кыргызстана с целью обнаружения отсутствия необходимого для правового государства звена между коллегиальными представительными органами и исполнительными, судебными органами в Кыргызской Республике. Эту задачу надо раскрыть. 9,11 положения, выводимые на защиту надо переделать.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** У него в работе на кыргызском языке были ответы.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Я учту ваше замечание.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Пожалуйста, Лейла Чынтургановна, ваш вопрос.

**Сыдыкова Л.Ч. ю.и.д., профессор:** Согласна с Назгуль Назарбековной по поводу цели исследования. Согласна с диссертантом с его третьим положением, выводимым на защиту. Коллегиальность и единоначалие являясь принципами государственного управления, связаны с принципами

права, которые также считаются основополагающими началами работы государственных и муниципальных органов. Между данными принципами существует определенная иерархия, первичность и последовательность определенных начал. Так, принцип коллегиальности способствует реализации принципа равенства, тот в свою очередь способствует утверждению справедливости и всех иных принципов права. Необходимо обратить внимание на терминологию. Одни и те же понятия пишутся в разных терминах. Задачу - исследовать зависимость демократического режима от коллегиального государственного управления и антидемократического режима от единоначального государственного управления необходимо переосмыслить. Лет десять назад вышла монография российского автора про коллегиальность и единоначалие в уголовном процессе. Там автор писал о коллегиальности и единоначалии только в сфере уголовного процесса, наш же диссертант расширил сферу исследований. Четырнадцатое положение надо переделать. Пятнадцатое положение надо исключить. Систему, классификацию органов не надо было исследовать.

**Диссертант, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Спасибо. Я учту ваши замечания и предложения.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Пожалуйста, Олег Дмитриевич, вам слово.

**Ким О.Д. ю.и.д., профессор:** Цель надо исправить. Необходимо обратить внимание на объект и предмет исследования. Количество задач совпадает с количеством, положений, выводимых на защиту.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Спасибо, Олег Дмитриевич. Разрешите мне высказать пару слов. Не надо избегать философских основ исследования. Это основа. Он хорошо выступил на кыргызском языке. Он по статьям набрал 690 баллов. Работу выполнил без научного консультанта. Он учтет высказанные замечания. Все три эксперта дали положительные заключения. Один из них Урмат Олжобекович, сидит здесь. Два остальных заключения дали Джумалиев Д.С. и Токтогулов А.А. Урмат Олжобекович, вам слово.

**Аманалиев У.О. ю.и.д., профессор:** Саламатсынарбы, урматтуу агай, эжейлер. Кутман кечеңиздер менен. Марат Бейшенбекович менен 1,5 – 2 саат сүйлөшкөнбүз. Мен мурда Министрлердин Кабинетин жеке башкаруу органынан коллегиялдык органына өткөрүп коюн дегенде Марат Бейшенбекович ондоп койгон. Башка сын-пикирлерди дагы айттым. Эсептөө палатасын коллегиялдуу орган деп өзгөртүү керек. Иштин мазмунунда баптардын аталыштарына конституциялык негиздери деген сөз айкалышты кошууну сунуштагам. Жалпы жонунан корутундусун окуп коеюн. Эскертуулөрду эске алуу менен Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясында берилген илимий жоболор, тыянактар жана корутундулар атайын адабияттарды, Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин конституцияларын жана башка мыйзамдарын талдагандан кийин негизделген. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д

12.23.669 диссертациялык кеңешине Татенов Марат Бейшенбековичтин 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)" деген темадагы диссертациясы кабыл алынууга сунуш кылынат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Рахмат, Урмат Олжобекович. Эки башка эксперттин корутундулары дагы оң. Диссертанттын дагы убактысы бар эскертүүлөрдүн үстүнөн иштегени. Эгерде жеке, коллегиялдык башкаруу жөнүндө дискуссия кылсак бул философиялык маселе, эгерде конституциялык норма менен байланыштырсак бул жерде укуктук жөнгө салуу болот. Жалпысынан айтсак, эксперттердин корутундуларын эске алсак, диссертациянын устунөн диссертант иштесе.

*Сунуш:*

*Жетектөөчү уюм:* Кыргыз Республикасынын ИИМнин генерал-майор Э.А. Алиев атындагы Академиясынын "Мамлекеттик укуктук дисциплиналар" кафедрасы.

*Расмий оппоненттер:*

1) Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02;

2) Асаналиев Тилек Асаналиевич - юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02 эмгектеринин жыйындысы боюнча;

3) Рысмендеев Бактыбек Дженишбекович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.02.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Эксперттер диссертациялык иш боюнча акт беришти. Баштапкы материалдардын аныктыгы тууралуу корутунду жасашкан экен. Суроолор барбы? Суроо жок. Чоң рахмат, урматтуу кесиптештер. Анда добуш берүүгө өтөбүз. Бары "макул", бир добуштан кабыл алынды. Эми коргоонун датасы боюнча, изденүүчү Татенов Марат Бейшенбековичтин коргоосунун датасын 2024-жылдын 1 - ноябрына коюуну сунуштайм.

Добушка коём, добуш берип коюңуздар. Бары "макул", бир добуштан өттү.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Авторефератты басып чыгарууга жана таркатууга уруксаат берүү боюнча.

Добушка коём. Бары "макул", бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Биз Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясы жөнүндө эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн корутундусун жана баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү актын уктук. Анда эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүгө жана протоколду бекитүүгө өтөбүз.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Татенов Марат Бейшенбековичтин «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)» темасындагы доктордук диссертациясы боюнча эксперттик корутундулар бекитилсин.

2. Татенов Марат Бейшенбековичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)» темасындагы диссертациясы коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

1. **Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын ИИМнин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясынын “Мамлекеттик укуктук дисциплиналар” кафедрасы.

2. **Расмий оппоненттер:** 1) Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02; 2) Асаналиев Тилек Асаналиевич – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02 эмгектеринин жыйындысы боюнча; 3) Рысмендеев Бактыбек Дженишбекович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.02.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, ю.и.д., профессор** **Токтобаев Б.Т.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Сагыналиева В.Ж.**

Колдорун тастыктаймын

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 26-сентябрындагы №23 отурумуна

**КЕЛҮҮ БАРАКЧАСЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистигинин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Токтобаев Болот Токтомушевич (төрага) | ю.и.д., профессор 12.00.01 | |
| 2. | Шамурзаев Таалайбек Турсунович(төраганын орун басары) | ю.и.д.,профессор 12.00.09, 12.00.08 | |
| 3. | Сагыналиева Венера Желденовна (окумуштуу катчы) | ю.и.к., доцент 12.00.01 | |
| 4. | Адилов Айбек Насырович | ю.и.д., профессор 12.00.09, 12.00.14 | |
| 5. | Аманалиев Урмат Олжобекович | ю.и.д., доцент 12.00.02, 12.00.14 | |
| 6. | Джумагулов Айдар Муратович | ю.и.д., доцент 12.00.01, 12.00.02 | |
| 7. | Джумалиев Данияр Сардарбекович | ю.и.д., доцент 12.00.01, 12.00.02. | себеп менен к.г. Окум. катчы: |
| 8. | Исманов Таалайбек Кадырович | ю.и.д., доцент 12.00.01 | |
| 9. | Ким Олег Дмитриевич | ю.и.д., профессор 12.00.09 | |
| 10. | Молдоев Эдилбек Эсенович | ю.и.д., профессор 12.00.01, 12.00.14 | оорун к.г. Окум. катчы: |
| 11. | Сманалиев Кынатбек Мойнокович | ю.и.д., профессор 12.00.09 | |
| 12. | Сулайманова Назгуль Назарбековна | ю.и.д., профессор 12.00.08 | |
| 13. | Сыдыкова Лейла Чынтургановна | ю.и.д., профессор 12.00.08 | |
| 14. | Токтогулов Алмаз Асылбекович | ю.и.д., доцент 12.00.02, 12.00.14 | себеп менен к.г. Окум. катчы: |
| 15. | Тугельбаева Бермета Галиевна | ю.и.д., профессор 12.00.09, 12.00.08 | оорун к.г. Окум. катчы: |
| 16. | Саякова Мария Касымовна | ю.и.д., профессор 12.00.01, 12.00.14 | |
| 17. | Муратбекова Салтанат Муратбековна | ю.и.д., доцент 12.00.02 | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы** **В.Ж. Сагыналиева**

подпись В.Ж. Сагыналиевой заверяю

вед. спец. ОК